КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖЕР РЕСУРСТАРЫ, КАДАСТР, ГЕОДЕЗИЯ ЖАНА КАРТОГРАФИЯ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ЗЕМЕЛЬНЫМ РЕСУРСАМ, КАДАСТРУ, ГЕОДЕЗИИ И КАРТОГРАФИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

2025-жылдын “____” ___________ №___ Бишкек шаары

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин 2025-жылдын 29-октябрындагы №10-1/287 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Мамлекеттик кызматтардын жарандарга жана юридикалык жактарга жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу максатында, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Жер агенттиги) 2025-жылдын 22-октябрындагы № 10-1/283 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 “Мамлекеттик органдар жана алардын түзүмдүк уюмдары көрсөткөн мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы № 26 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Жер агенттигинин 2025-жылдын 29-октябрындагы № 10-1/287 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик көрсөткөн мамлекеттик кызматтардын административдик регламенттери тууралуу” буйругунун 1-пунктунун экинчи абзацындагы “Жерге жайгаштыруу иштерин тариздөө жана жер участогуна укук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

күбөлөндүрүүчү документтерди берүү” деген сөздөр “Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/келишимдери боюнча жер тилкесине укук күбөлөндүрүүчү документти тариздөө” деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Аталган буйруктун мамлекеттик тилдеги текстинин 1-тиркемесинин аталышындагы “Жерге жайгаштыруу иштерин тариздөө жана жер участогуна укук күбөлөндүрүүчү документтерди берүү” деген сөздөр “Жеке жана юридикалык жактардын өтүнмөлөрү/келишимдери боюнча жер тилкесине укук күбөлөндүрүүчү документти тариздөө” сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Аталган буйруктун расмий тилдеги текстинин 1-тиркемесинин аталышындагы «Оформление землеустроительных дел и выдача правоудостоверяющихдокументов на земельный участок» деген сөздөр «Оформление правоудостоверяющего документа на земельный участок по заявкам/договорам с физическими и юридическими лицами» сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Аталган буйруктун расмий тилдеги текстинин 7-тиркемесинин аталышы «Проведение съемки земельного участка» деген сөздөн кийин «по заявкам/договорам с физическими и юридическими лицами» деген сөздөр менен толуктасын.

5. Жер агенттигинин санариптик трансформация башкармалыгы ушул буйрукка кол коюлган күндөн тартып үч иш күндүн ичинде, аны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 токтомуна ылайык Жер агенттигинин расмий сайтында жарыялоону камсыз кылсын.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Жер агенттигинин директорунун орун басарларына жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Ж. Зарнаев**

Жөнөтүлсүн: көктөмөгө, Жер агенттигинин түзүмдүк, ведомстволук түзүмдөрүнө, филиалдарга.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН